Китеп текчеңизге

# Укум сөз устаттарым...

**Быйылкы "Ыйман, адеп жана маданият жылында" КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы тарабынан "Ичээр суум бүткөнчө" аттуу китебим жарыкка чыкты. Болгондо да миң нуска менен, мыкты сапатта. Комиссия өзүнүн бардык басылмаларын орто мектептерге, жогорку окуу жайларга, китепканаларга таратат экен. Бул да мени кубандырды.**




Аталган китебимде кеч төрөлгөн эрте жетим катары, алыскы тоо койнунан борбор калаабызга келип, чоң айлампадан шар агымга кулач ура, окуу-билимге бек умтулганымды баяндадым. Айтылуу №5 орто мектебин бүтөрүм менен университетте укум сөз устаттары Күсейин Карасаев, Константин Юдахин, Болот Юнусалиев, Жээнбай Мукамбаев сыяктуу агайлардан таалим-тарбия алганымды ой-санаам кылып жаздым.

Анан да өзүм иштеген ушул "Кыргыз Туусунда" (мурдагы "Эркин Тоо", "Кызыл Кыргызстан", "Советтик Кыргызстан" аталышындагы гезитте) алгачкылардан болуп редактор, бөлүм башчылары кызматтарды аркалаган Аалы Токомбаев, Темиркул Үмөталиев, Абдрасул Токтомушев өңдүү алп калемгерлер менен кийин кесиптеш да, кешиктеш да болуп, ар биринин кыялжоругун, берген кеп-кеңештерин кийинки муун үчүн эскерме катары калтырыш үчүн кеңири көркөм баяндадым. Колуңуздарга урунуп калса, убакыт бөлөрсүз, окурманым.

Нурпаис ЖАРКЫНБАЙ, "Кыргыз Туусунун" ардагер кабарчысы

# Кыргызча-түркчө сөздүк чыгарылды

***Жакында 74 000ден ашык сөздү камтыган «Кыргызча-түркчө сөздүк" жарыкка чыгып, анын бет ачары өткөрүлдү. Аталган сөздүк буга чейин ушул багыттагы башка эмгектердин эң көлөмдүүсү. Ал кыргыз-түрк «Манас» университетинин курулушунун 20 жылдыгына карата түрк цивилизациясын изилдөө борборунун долбоорунун алкагында чыгарылды. Сөздүк университеттин Гуманитардык факультетинин синхрондук котормо бөлүмүнүн профессору Экрем Арыкоглу, ага окутуучулар Жылдыз Алимова, Рахат Аскарова жана Билге Каган Селчук тарабынан түзүлүптүр.***



*Сөздүк окумуштуу Б.Шаршембаев тарабынан даярдалган. Ага «Манас» эпосу баштаган элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнөн тартып, заманбап адабий чыгармаларга чейин киргизилди. Айрыкча сөздүк түзүү учурунда Түркиянын Түрк тили куруму тарабынан түзүлгөн «Түрк тилинин түшүндүрмө сөздүгү» да таяныч материал катары колдонулду. Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн маанилери «Түрк тилинин түшүндүрмө сөздүгүндөгү» сөздөр менен салыштырылып толукталды. Натыйжада кыргыз тилиндеги сөздөрдүн буга чейинки сөздүктөрдө берилбеген маанилери да кошумчаланып жазылды.*

*Айзат ТАЛАСБАЕВА*

Эс тутум

# Акын Эгемберди Эрматовду эскерип...

**Эгемберди Эрматовдун сөз өнөрүнө кызыгуусу, ыр жазуусу, поэзиясында тунук акылдын жыштыгы, көркөм образдардын элестүүлүгү, анын вербалдык-лингвистикалык интеллекттин ээси экендигин көрсөтүп турат. Бул айтылгандарга кошумча анын сөзгө чечендиги, публика алдында өзүн эркин тутуп, өз оюн элестүү, даана жана так жеткирип бере алгандыгын да белгилеп кетким келет.**



Ушул өңүттөн Э.Эрматовдун чыгармачылыгын карай турган болсок, анын тубаса шык-жөндөмдүн ээси болгондугуна анын генинде акындык шык-жөндөм бар экендиги түрткү болгондой. Ошентсе да анын чыгармачылыгын өнүгүү аспектен карасак, андагы табиятынан берилген шык-жөндөм өнүгүп олтуруп гана чоң акын жана коомдук ишмер деңгээлине жетип олтурат.

Биз макалабызда акындын чыгармачылык шык-жөндөмү жана анын өнүгүшү жөнүндө сөз козгоп, алгач анын тубаса акындык шык-жөндөмүн өнүктүрүүгө таасир эткен чыгармачылык чөйрө жана устатка туш болуу сыяктуу булактарга атайын токтолобуз.

Биринчиден, Э.Эрматов туулуп-өскөн чөйрөнүн чыгармачылыкка жакын болуусу да анын шык-жөндөмүнүн өнүгүшүнө өз таасирин тийгизген. Алардын уруусунун өкүлдөрүнө (карынчы уруусуна) ыр-күүгө шыктуулук мүнөздүү экендиги эл ичинде айтылып жүрөт. Атасынын комуз, кыл кыяк ойноосу анын туулгандан тарта ыр-күү жаңырган чөйрөдө жашоосун шарттаган. Э.Эрматовдун бала кезинен ыр-күү угуп чоңоюшу, үйүнө атайын атасынан дастан укканы айылдаштарынын келиши, алардын ыйлап олтуруп дастан угушу анын балалык сезимдерине таасир этип, көркөм өнөргө болгон кызыгуусун ойготуп, дилине чыгармачылыктын үрөнүн сээп, кийинчерек акын катары жетилишине түрткү болгон. Ошондой эле агасы Эрдөөлөттүн бала кезинен көркөм адабиятка кызыгуусу, такай үйдө китептерди көп окуусу иниси Эгембердинин өтө эрте жашынан көркөм адабиятты окуй башташына оң таасир тийгизген. Ошондон улам ал 4-класста окуп жүргөндө Сервантестин "Дон Кихот" деген чоң китебин окуп чыкканын айтканы бар. Баса, улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов өз интервьюсунда "бул чыгарманы балалык кезде окуу пайдалуу, анткени баланын көркөм ойлоосун, фантазиясын, кыял чабыттын өсүшүнө тийгизген таасири чоң" – деп айткан.

Экинчиден, анын акын катары калыптануусунда жана тубаса шык-жөндөмүнүн өнүгүшүндө устаттарынын ролу чоң болгон. Устаттары анын акын жана инсан катары өсүп өнүгүшүнө өз таасирлерин тийгизген. Эгемберди аке алгачкы жолу Жолон Мамытовго жолугуп, "ырларымды окуп, кеп-кеңешиңизди бериңиз" деп кайрылганда, ошондогу педагогикалык окуу жайдын студентиндеги тубаса акындык шык-жөндөмү, келечекте талanttуу акын болуу мүмкүнчүлүгүн көрө билген жана ага камкор мамиле жасаган.

Райондук гезитте иштеп жүргөндө гезиттин редактору Эрмамат Осмонов да устат катары ага көп колдоо көрсөтүп, чыгармачылыгына чоң жардам берген. Ал киши жөнүндө "ырдын үстүнөн кантип иштеш керектигин, ырды кантип жазуунун көп сырларын үйрөттү. Эң негизгиси сөз менен иштөөнү, ыр жазууда сөздү кантип колдонуу боюнча кеп-кеңештерин айтып, мени такшалтты. Мени биринчи жолу эл алдына алып чыгып, чоң жыйында ыр окутуп, эл алдында ырды кантип окуу керектигинин сырларын үйрөттү" – деп эскерген.

Бүткүл дүйнөлүк адабият институтунда окуган жылдарда дүйнөгө белгилүү поэзия сынчысы Александр Михайлов Эгемберди акеге поэзиянын бүт сырларын билдирген, үйрөткөн. Ошондон улам Э.Эрматов аны өзүнүн эң негизги устатым деп эсептеген. Кийинчерээк кыргыздын белгилүү акыны Сооронбай Жусуев да Э.Эрматовго устат катары поэзиянын, чыгармачылыктын көп сырларын үйрөткөн.

Үчүнчүдөн, Э.Эрматов билимге чоң маани берген. Бул жөнүндө "Алган билимиң жугумдуу болуш үчүн, адегенде өзүңдү өзүң баамдап, өзүңдү өзүң ыраattуу ички тартипке тарбиялашың керек экен. Жан дүйнөңдү, дилиңди, аңсезимиңди тазалап, бара турган түпкү багытыңды так, даана аныктап алышың керек экен. Өз учурунда мындай нерселерди баамдабаганымда менин чыгармачылык жолум эч кандай түшүмсүз эле өтүп кетмек. Көп нерсени аңдабай, жазгандарыма ичимен өзүмө өзүм корстон болуп, анча-мынча жетишкен ийгиликтерим менен мактанып жүрө бермекмин", – деген.

Өзүнүн билим алуусу жөнүндө мындай деп айтканы бар: "Москвада жөн эле эптеп-септеп күн өткөрүүнүн аракетинде болбой жата калып окудум. Мага эмне керек экендигин так айырмалап билдим. Чабал, алсыз экендигимди түшүнүп, ошол кемтиктеримди толтуруу үчүн дүйнөлүк адабияттын казыналарын тынымсыз каздым. Адабиятта өзүңдүн сөзүңдү айтуу үчүн, бир майнап чыга турган аракет жасоо үчүн, сөзсүз терең билим керек экендигин ошондо жакшы түшүндүм".

Төртүнчүдөн, ар бир чыгармачыл инсан өзүнүн шык-жөндөмүн өнүктүрүүнүн үстүнөн изденери табигый иш. Чыгармачылыкта жогорку деңгээлдеги ийгиликтерге жетишүүдө өзүн-өзү тарбиялоо факторунун ролу өзгөчө.

Э.Эрматов да чыгармачылык шык-жөндөмүн өнүктүрүүдө өзүн-өзү рефлексиялоого, өзүн-өзү тарбиялоого чоң маани берген. Албетте, бул ишти аткаруу кишиден чыдамкайлыкты, көктүктү, өжөрлүктү талап кылат. Эгемберди аке өжөрлүк менен өзүн-өзү тарбиялап, өзүнүн чыгармачылык шык-жөндөмүн өнүктүрүп олтурган десек туура болот.

М.МУРЗАЕВ,
психология илимдеринин кандидаты, доцент